# Кыргызстан

**Кыргыз Республикасы**

Мамлекет башчысы: **Талант Мамытов (ноябрда Садыр Жапаровдун ордуна келген, Садыр Жапаров октябрда Сооронбой Жээнбековдун ордуна дайындалган).**
Өкмөт башчысы: **Артём Новиков ( ноябрда Садыр Жапаровдун ордуна келген, Садыр Жапаров октябрда Кубатбек Бороновдун ордуна дайындалган).**

**Милициянын убактылуу камоочу жайындагы кыйноолор жана башка катаал мамилелер жөнүндө билдирүүлөр токтогон жок. Өкмөт COVID-19 пандемиясы учурунда саламаттык сактоо кызматкерлерин коргоо боюнча жетиштүү чараларды көрө алган эмес. Гендердик зомбулуктан жапа чеккендер сот адилеттигине жетүүдө олуттуу тоскоолдуктарга дуушар болду. Абийир туткуну - Азимжан Аскаров түрмөдө пневмониядан улам көз көз жумду. Адам укуктарын коргоочулар кылган иштери үчүн куугунтукка кабылышты. Сунушталган жаңы мыйзам Өкмөттүк эмес уюмдардын иштөөсүнө чектөө киргизүү коркунучун пайда кылды. Эл аралык аялдар күнүнө арналган тилектештик маршын милиция күч менен таркатты.**

## Өбөлгө

COVID-19 илдетине чалдыккандардын алгачкы учурлары 18-мартта катталып, 22-марттан 10-майга чейин өлкөгө өзгөчө кырдаал киргизилген. Мында катуу чектөөлөр коюлуп, кээ бир учурларда жашоочулардын батирлеринен чыкпоого мөөр басылган. Октябрдагы парламенттик шайлоонун жыйынтыгы чоң талашка түшүп, өлкө туруксуздук мезгилине кептелет. Соңунда массалык нааразычылыктардан кийин шайлоонун жыйынтыгы жокко чыгарылып, камактагы бир нече адам демонстранттар тарабынан бошотулган, алардын ичинде 2017-жылы барымтага алуу беренеси менен соттолгон Садыр Жапаров да бар. Жол башчылыкты алууга байланышкан талаш-тартыштардын кызуу чордонунда бир катар эл өкүлдөрү 10-октябрда Садыр Жапаровду премьер-министр кылып шайлап, президент Сооронбой Жээнбеков саясий басымдардан улам 15-октябрда кызматынан өз калоосу менен кетет. Анын ордуна Садыр Жапаров убактылуу президент болуп дайындалып, бирок 2021-жылдын январь айына белгиленген президенттик шайлоого аттануу үчүн ноябрь айында президенттик ордун кайра тапшырып берген.

## Кыйноолор жана башка катаал мамилелер

Милициянын убактылуу кармоочу жайындагы кыйноолор жана катаал мамилер боюнча ишенимдүү билдирүүлөр токтогон жок. Өзбекстандык журналист Бобомурад Абдуллаев, Өзбекстандын экстрадициялоо өтүнүчүнөн кийин 9-августта Бишкек шаарында камакка алынат. Ага жактоочусу менен жолугууга уруксаат берилген эмес жана ал кийинчирээк документке кол коюу үчүн 11-августта тергөөчүлөр аны сүлгү менен муунтушуп, кыйноого алышканын билдирген. Өзбекстанда чыныгы кыйноого кабылуу коркунучу чоң болсо да Бобомурад Абдуллаев 22-август күнү күч менен Өзбекстанга кайтарылып берилет. Ал убакта анын Кыргызстанга баш паанек берүү өтүнүчү каралып, дагы деле аягына чыга элек болчу.

БУУнун Адам укуктары боюнча комитети, Шүкүрулло Осмонов жана Жанышбек Халмаматовдун иштери боюнча май жана июнь айында тиешелүү баасын берген. Анда Кыргызстан жабырлануучулардын кыйноо фактылары боюнча арызына көз

карандысыз  тергөө иштерин жүргүзө алган жок деп белгиленген.  Шукурулло Осмонов 2011-жылы төрт милиция кызматкери тарабынан  2010-жылдагы  Ош коогалаңына тиешеси бар  деген күнөөнү мойнуна алууга мажбурланып, ал мезгилде өлкөдөн сырткары жүргөнүнө карабастан кыйноого алынганын билдирген. Ш. Осмоновдун кыйноого алынганы боюнча арызын текшерүү, ага каршы кылмыш ишин козгогон тергөөчүнүн көзөмөлүнө берилет.  Медициналык каттоолор жана күбөлөрдүн айтуусуна карабастан тергөөнүн жыйынтыгында  кыйноо боюнча эч кандай далилдер жок деп табылган.  Кийинчирээк ал  өрт коюу, козголоң уюштуруу  жана адам өлтүрүү беренелери менен соттолду.

## Ден соолук укугу  – саламаттык сактоо кызматкерлери

Бийлик саламаттык сактоо кызматкерлеринин адам укуктарын коргой алган жок.  Дарыгерлер  өз убагында талаптагыдай жеке коргонуучу каражаттар (ЖКК) менен камсыз болгон эмес. Алардан жумуш убактысынан ашыкча саат иштөөсү күтүлүп, буга кошумча  коопсуздугу  каралбаган  жана күчөтүлгөн түрмөнүн шарттарындай карантинде калууга мажбур болушкан. Ошондой эле ден соолук сакчыларына  аз өлчөмдөгү эмгек акы төлөнгөн (ал тургай айлыктары көбүнчө өз убагында берилген эмес). COVID-19 илдетинен улам көз жумган жана вируска чалдыккандарга компенсациялык төлөмдөрдөр чектөө  менен берилип, тиешелүү талаптарга жооп берген барына бирдей берилген эмес. Мындан тышкары жумуш шарттарындагы кыйынчылыктар жана ЖККнын жетишсиздиги тууралуу ачык айткан дарыгерлер куугунтукка кабылышкан.

## Аялдарга жана кыздарга карата зордук-зомбулуктар

Гендердик зомбулукка кабылгандар сот адилеттигине жетүүдө олуттуу тоскоолдуктарга тушугушкан. Соттук териштирүүлөр  учурунда жабырлануучуларды коргоп тургудай калкалоочу чөйрө жаратылган  эмес. Жапа чеккендер көпчүлүк  учурда прокуратуранын же  коомчулуктун коркутууларына дуушар болуп, берген арыздарын артка кайтарып алууга аргасыз болушкан.  Ички иштер министрлигинин  маалыматы боюнча 2019-жылы жосунсуз иштер кодекси менен  үй-бүлөлүк  зордук-зомбулуктарга тиешелүү 8,519 иш катталып, анын ичинен 519 иш гана сотко өткөн (соттук жыйынтыктар боюнча маалымат жок). 560 иш болсо азыркы күнгө чейин териштирилүүдө.  Калган иштерди кароо  болсо жабырлануучулардын арыздарын  кайтарып алгандыгы же процессти токтотуу үчүн прокуратура органдарына берген өтүнүчтөрүнөн улам жабылган. Жогоруда аталган министрликтин билдирүүсү боюнча 2020-жылдын январь айынан мартка чейинки үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктар 2019-жылга салыштырмалуу 65 пайызга көп катталды. Июнь айында Кылмыш-процессуалдык кодексине өзгөртүү киргизилип, үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктун күнөөкөрлөрүн 48 саатка чейин камоого милицияга уруксаат берилди.

## Адам укуктарын коргоочулар

Адам укуктарын коргоочулардын жумушуна байланыштуу куугунтукка кабылышы токтогон жок.  Каракол шаарындагы  Вентус адам укуктары уюмунун лидери Камил Рузиев кыйноого кабылган курмандыктарга колдоо көрсөткөндүгү үчүн жазык сот адилеттиги тутумунун бутасына илинген. Камил Рузиев 29-май күнү Каракол соттук имаратынын сыртында, жанында эч кандай  өздүгүн тактоочу документти жок делип милиция тарабынан камакка алынат. Ал эми тиешелүү документтин соттук имаратка берилгендиги боюнча милиция кызматкерлеринин толук кабары болгон.

Кардарларынын биринин атынан катыша турган соттук отурумду эмне үчүн өткөрүп жибергенин түшүндүргөн жана дарыгерлердин каттын түпнускасын тастыктап бергенине карабастан сотко ооруканадан жазалма кат алып келди деген айып менен К.Рузиев 31-майда үй камагына чыгарылган. Бул иш жыл аягына чейин созулуп келген.

## Абийир туткундары

Азимжан Аскаров 25-июлда түрмөдө пневмониядан улам көз жумду деп билдирилди. Аны ден-соолугуна байланыштуу бошотуу буга чейин бир канча жолу талап кылынган жана COVID-19 пандемиясы анын саламаттыгына коркунуч жарата тургандыгын эске алууга чакырыктар да жазалган. Азимжан Аскаров жалган айыптоолор жана адилетсиз соттук териштирүүлөрдөн кийин 2010-жылдын сентябрь айында өмүр бою эркинен ажыратылган. Ал абакта жатып кыйноого кабылгандыгын билдирген.

## Уюм түзүү эркиндиги

Июнь айында өкмөттүк эмес уюмдардын (ӨЭУ) ишмердүүлүгүн көзөмөлдөөгө багытталган мыйзам долбоору Жогорку Кеңеште экинчи окууда кабыл алынды. Анда ӨЭУга түйшүктүү кошумча каржылык отчетторду берүү таңууланып, эгерде талаптар аткарылбаса, анда уюмду таркатуу коркунучу пайда болду. Тараптар ортосунда толук кандуу кеңешип-түзөтүү жүргүзүлбөстөн мыйзамга өзгөртүүлөр киргизилди. COVID-19га байланыштуу чектөөлөрдөн улам жарандык коомдордун талкууларга катышуусуна мүмкүнчүлүк жаратылбай, онлайн аркылуу кеңешүү сунушталган эмес. Талап кылынган акыркы үчүнчү окуу убактысы болсо жылдын акырына чейин графикке киргизилген жок.

## Жыйынга чогулуу эркиндиги

4-мартта Биринчи май райондук соту COVID-19дун жайылышына жол бербөө үчүн чаралар көрүлүшү керек деген негизде, шаар бийлигинин 8-март Аялдардын эл аралык күнүн белгилөөгө арналган тынч жүрүштөгү тилектештик маршына тыюу салуу чечимин күчүндө калтырды. Соттук чечимде "тынч демонстрациялар борбор калаанын күнүмдүк жашоосунун тынчын алып, туруктуу иштешине тоскоол болууда" деп жарыялаган жана 1-июлга чейин Бишкектеги расмий иш-чаралардан тышкары 100дөн ашуун кишинин чогулушуна тыюу салынган. Милиция 8-марттагы жөө жүрүштү таркатып, 70 активистти кармаган жана милиция кызматкерлерине баш ийбөө - административдик укуктарды бузду деген айыптар менен алтоону күнөө коюлганга чейин аларды бир нече саат бою камакка алган. 8-мартка белгиленген жөө жүрүш, соңунда 10-мартта өтүп, тынч чогулуштарга тыюу салган чечим ошол эле айда өзгөчө кырдаал киргизилгенге чейин алынып салынган.